| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЧҮЙ ОБЛАСУ<br>СОКУЛУК РАЙОНУ<br>СОКУЛУК АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>СОКУЛУКСКИЙ РАЙОН<br>СОКУЛУКСКИЙ АЙЫЛНЫЙ<br>КЕҢЕШ |
| --- | --- | --- |

**03.02.2023ж№ 02-6/3**

**ТОКТОМ** **ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

**«Сокулук айыл өкмөтүнүн 2022 – жылдык бюджетинин аткарылышы тууралуу отчетун бекитүү жөнүндө»**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин №44 беренесине ылайык Сокулук айыл өкмөтүнүн башчысы Э.А.Байжигитовдин жана каржы – экономика бөлүмүнүн башчысы Н.К.Сулпукорованын жана киреше бөлүгү боюнча жетектөөчү адиси Д.Б.Байзаковдун Сокулук айыл өкмөтүнүн бюджетинин 2022–жылдагы киреше жана чыгаша бөлүгү боюнча аткарылышы жана 2023–жылдын 01–январына калган бюджеттик келишимдин жалпы суммасы жөнүндөгү баяндамаларын угуп жана талкуулап Сокулук айылдык Кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

**1.** Сокулук айыл өкмөтүнүн 2022 – жылдык бюджетинин аткарылышы тууралуу отчетуу кабыл алынсын жана бекитилсин.

**2.** Сокулук айыл өкмөтүнүн 2022 – жылдык кирешелердин жалпы суммасы 82 430,1 миң сом, атайын эсепти кошпогондо 76 448,8 миң сом, 01.01.2023-жылга эркин калдык 31 615,9 миң сом, чыгаша бөлүгү боюнча каражаттын жалпы суммасы 59 309,7 миң сом болуп бекитилсин.

**3.** Бул токтомду, Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин нормативдик – укуктук актыларынын бирдиктүү реестрине киргизүү үчүн, Чүй – Бишкек аймактык юстиция башкармалыгында каттоодон өткөзүү милдети Сокулук айыл өкмөтүнүн жооптуу катчысына жүктөлсүн.

**4.** Токтомдун аткарылышы Сокулук айыл өкмөтүнүн башчысы Э.А.Байжигитовге жүктөлсүн.

**5.** Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Сокулук айылдык Кеңешинин бюджет жана каржы боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрайым** **З.Саткеева**